29

**И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин директору алдындагы кеңешинин жыйынынын**

**№4 протоколу**

**14.02.2023-жыл.**

***Төрага:*** Молдосанов С.У.

***Катчы*:** Жанарбек к. А.

***Катышкандар*:** Администрация кеңешинин мүчөлөрү: Азаматов А.А., Келгенбаев А.С., Туркин Т., Никитенко И.В., Иманкулова М.К., Мусуралиева А.С., Талантбеков А.Т., Бейшенбек к. К., Асаналиева Ж.А., Молдосанова Н.Б., Төрөбай к. Г., Ибраева И., Солтобаева И.К..

***Келбегендер:*** Жанузакова М., Атантаева Ж.И., Калыгулова Н.У., Абдугапаров Э., Туменбаев О.С., Таныскожоев К.К., Муратаев Ж..

***Күн тартиби:***

***1. Кезметте болгон: Талантбеков А.Т. жана Бейшенбек к. К.- бир жумалык отчету;***

***2. Колледждин мыкты студенттерине акчалай сыйлык ыйгаруу жөнүндө;***

***3. Колледждеги ар кандай маселелер;***

***Угулду:***

1) ***6-11-февраль*** жумалык аралыгында кезметте Талантбеков А.Т. жана Бейшенбек к. К. болушту. Бул жумада сабакты себепсиз калтырган студенттер көп эмес. Ар бир тайпадан 1-2 ден студент жок болуп жатат, алар ооруп арыз менен суранып кеткен студенттер. Ал эми, себепсиз сабак калтырган студенттердин ата-энелери чакырылып, сүйлөшүү иштери жүргүзүлдү.

2) ***Директор Молдосанов С.У. сүйлөдү:*** Урматтуу кесиптештер! Биздин колледждин

мыкты студенттерин окуу жылынын аягында акчалай сыйлык ыйгарып турсак деген сунушун киргизди. Буга колледждин эсебинен бир жылда 125000 (жүз жыйырма беш миң) сом өлчөмүндө бөлүнүп берилсин. “Башталгыч класстын мугалими” адистигинин кыргыз тайпасынын мыкты студентине – 25000сом, орус тайпасынын студентине -25000 сом, “Дене тарбия” адистигинин мыкты  студентине – 25000 сом, “Англис тили” адистигинин мыкты студентине – 25000 сом жана “Компьютердик системада программалоо” адистигинин мыкты аталган студенттерине 25000 сом өлчөмүндө акчалай сыйлыктарды берип турсак башка студенттерге да стимул болот жана биздин колледжге таршырган студенттердин саны арбыйт.

Бул сунушту бардык жыйындын катышуучулары колдоп, макул болушту жана өз ойлорун айтып кошумчалашты. Сүрөт сабагынын окутуучусу жана колледждин юристи  Келгенбаев А.С. сүйлөдү: Бул сунушту мен толук кандуу колдойм,студенттердин сабакка болгон кызыгуусун арттырып, ары карай изденүүсүнө шарт түзүлмөк. Бирок бул сунуш Камкорчулар кеңешинде каралып, баары мыйзамга жооп бере тургандай болуш керек.

Ушул сунуштун жобосун иштеп чыгуу Иманкулова М.К.га тапшырылды.

3) Ушул жумада колледждин бардык окуу имараттарынын терезелерине жаңы жалюзилер тагылды. Алардын тазалыгына ар бир тайпанын кураторлору жана жатакананын ар бир бөлмөсүндө жашаган студенттер жоопту.

Эскирген, колдонуудан чыккан парталар кайрадан жаңыртылып, ондоп-түзөөдөн өткөрүп, колледждин агайлар жамааты эмгектенип жатышат.

**Токтом кылынды:**

1. ***Кезметте болгон- Талантбеков А.Т. жана Бейшенбек к. К. отчету канаатандырылсын.***
2. ***Колледждин мыкты студенттерине жылына бир жолу акчалай сыйлык ыйгаруу жөнүндө жобо иштеп чыгарылысын.***

***Жооптуу:Иманкулова М.К..***

***И.Бийбосунов атындагы Каракол***

***педагогикалык колледжинин директору :*** ***Молдосанов С.У.***

И. Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин директорунун алдындагы кеңешинин жыйынынын

**№4 ПРОТОКОЛУ**

21-ноябрь 2023-жыл Каракол шаары

Төрагасы: Азаматов А.А.
Катчысы: Жанарбек к. А.

Катышкандар: Администрация кеңешинин 20 мүчөсү: Азаматов А.А., Келгенбаев А.С., Туркин Т.В., Никитенко И.В., Иманкулова М.К., Мусуралиева А.С., Жанузакова М.О., Талантбеков А.Т., Бейшенбек к. К., Таныскожоев К.К., Асаналиева Ж.А., Муратаев Ж.Б., Абдугапаров Э.Н., Молдосанова Н.Б., Туменбаев О.С., Ибраева И.С., Төрөбай к. Г..

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. **Кезметте болгон окутуучулардын бир жумалык отчету;**
2. **Колледждин товарлар сакталган кампасын текшерүүдөн өткөрүү.**

**Угулду:**

1. **13**-18- ноябрь жумалык аралыгында кезметте Иманкулова Мээрим Кубатбековна жана Туркин Тимур Вячеславович болушту. Бул жумада салыштырмалуу себепсиз сабакты калтырган студенттер көп жана ишемби күндөрү сабактарга катышуу абдан начар болуп жаткандыгы айтылды. Бул маселе боюнча Азаматов Алмаз Азаматович төмөнкүлөрдү билдирди: Ушул жума аралыгында сабакты себепсиз калтырган студенттердин сабактан калуу себебин аныктап , ата-энелери чакыртылып, алар менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү жана тартип бузган студенттер окуудан чыгарылды. Ар бир кураторлор тайпаныздарды көзөмөлдөп турсаңыздар!

2. Колледждин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Азаматов Алмаз Азаматович сөз сүйлөдү:

   Колледждин товарлар сакталган кампасын карап, текшерүүдөн өткөрүү ( өлчөмүн, санын тактоо) үчүн төмөнкүдөй курамда колледждин ички комиссиясын түзүү боюнча буйрук чыгарылсын:

1. Жанузакова М.О.- комиссиянын төрайымы,
   башкы эсепчи;
2. Туменбаев О.С.- комиссиянын төрайымынын орун басары,
   чарба иштери боюнча директордун орун басары;
3. Солтобаева И.К.-комендант;
4. Кыдыргычева Г.- кампачы;
5. Талантбеков А.Т.-прфсоюз уюмунун төрагасы;
6. Төрөбай к. Г.- кадрлар бөлүмүнүн инспектору.

**Токтом кылынды:**

1. **Кезметте болгон окутуучулардын бир жумалык отчету канааттандырылсын.**

2. **Колледждин товарлар сакталган кампасын карап, текшерүүдөн өткөрүү үчүн колледждин ички комиссиясы түзүлсүн.**

**Чогулуштун төрагасы И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары**

**Азаматов А.А**_______________________

**Чогулуштун катчысы**____________________**Жанарбек к.А.**

И. Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин директору алдындагы кеңешинин жыйынынын

## №3 ПРОТОКОЛУ

14-ноябрь 2023-жыл Каракол шаары

Төрагасы: Азаматов А.А.
Катчысы: Жанарбек к. А.

Катышкандар: Администрация кеңешинин 20 мүчөсү: Азаматов А.А., Келгенбаев А.С., Туркин Т.В., Никитенко И.В., Иманкулова М.К., Мусуралиева А.С., Жанузакова М.О., Талантбеков А.Т., Бейшенбек к. К., Таныскожоев К.К., Асаналиева Ж.А., Муратаев Ж.Б., Абдугапаров Э.Н., Молдосанова Н.Б., Туменбаев О.С., Ибраева И.С., Төрөбай к. Г..

## Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. **Кезметте болгон окутуучулардын бир жумалык отчету;**
2. **2023-2024-окуу жылына карата жылытуу мезгили жөнүндө;**

**Угулду:**

**1.** 6-11-ноябрь жумалык аралыгында кезметте Азаматов Алмаз Азаматович жана Молдосанова Нурайым Бакытовна болушту. Бул жумада салыштырмалуу себепсиз сабакты калтырган студенттер көп жана ишемби күндөрү сабактарга катышуу абдан начар болуп жаткандыгы айтылды. Бул маселе боюнча Азаматов Алмаз Азаматович төмөнкүлөрдү билдирди: Ушул жума аралыгында сабакты себепсиз калтырган студенттердин сабактан калуу себебин аныктап , ата-энелери чакыртылып, алар менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү жана тартип бузган студенттер окуудан чыгарылды. Ар бир кураторлор тайпаңыздарды көзөмөлдөп турсаңыздар!

**2.** Колледждин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Азаматов Алмаз Азаматович сөз сүйлөдү:

2023-2024-окуу жылындагы күзгү-кышкы жылытуу мезгилине карата №1, №2-окуу имараттарындагы жана жатаканадагы жагылуучу контрамаркалардын санын тактоо, канча күн от жагыларын, күнүнө канча көлөмдо отун жана көмүр жагыларын тактоо үчүн төмөнкүдөй курамда колледждин ички комиссиясын түзүү боюнча буйрук чыгарылсын:

1. Талантбеков А.Т.- комиссиянын төрагасы, окутуучу, профсоюз уюмунун төрагасы
2. Туменбаев О.С.- комиссиянын төрагасынын орун басары, чарба иштери боюнча директордун орун басары
3. Ибраева И.С. – экономист
4. Солтобаева И.К.-комендант
5. Келгенбаев А.С.-окутуучу, юрист
6. Иманкулова М.К.- окутуучу, өндүрүштүк окутуу боюнча директордун орун басары.

## Токтом кылынды:

1. Кезметте болгон окутуучулардын бир жумалык отчету канааттандырылсын.

2. Колледждин окуу имараттарын жылуулоого канча өлчөмдө отун, жана көмүр колдонуларын, канча күн от жагыларын тактоо үчүн колледждин ички комиссиясы түзүлсүн.

Чогулуштун төрагасы И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары

Азаматов А.А__________________________

Чогулуштун катчысы______________________Жанарбек к.А.

И. Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин директору алдындагы кеңешинин жыйынынын

# №5 ПРОТОКОЛУ

12-декабрь 2023-жыл Каракол шаары

Төрагасы: Азаматов А.А.
Катчысы: Жанарбек к. А.

Катышкандар: Администрация кеңешинин 20 мүчөсү: Азаматов А.А., Келгенбаев А.С., Туркин Т.В., Никитенко И.В., Иманкулова М.К., Мусуралиева А.С., Жанузакова М.О., Талантбеков А.Т., Бейшенбек к. К., Таныскожоев К.К., Асаналиева Ж.А., Муратаев Ж.Б., Абдугапаров Э.Н., Молдосанова Н.Б., Туменбаев О.С., Ибраева И.С., Төрөбай к. Г..

## Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. **Кезметте болгон окутуучулардын бир жумалык отчету;**
2. **Аба ырайы суук болгондугуна байланыштуу кошумча от жагуу жөнүндө;**

**Угулду:**

1. 4-9-декабрь жумалык аралыгында кезметте Келгенбаев Аскар Сабырович жана Таныскожоев Кылыч Качкынович болушту. Бирок, окуу аудиториялар текшерилбей, отчет берилген жок.
2. Колледждин директору Азаматов Алмаз Азаматович сөз сүйлөдү:

   Күн суук болгондугуна байланыштуу Ж. Алышбаев №136 дарегинде жайгашкан колледждин №2 окуу имаратынын электр жылыткычтары аудиторияларды жылыта албай жатат. Ошондуктан, аудиторияларга кошумча от жагылышын сунуштайм.

   Декабрь айында от жагуучуларга кошумча 0,5 ставка төлөнүп берилсин.

## Токтом кылынды:

1. Кезметте болгон окутуучулардын бир жумалык отчету канааттандырылган жок. 11-декабрдан 30-декабрга чейин кайрадан кезметте болушсун.

2. Колледждин №2 окуу имаратында суукка байланыштуу кошумча от жагылгандыгы үчүн от жагуучуларга декабрь айына 0.5 ставка айлык акы төлөнүп берилсин.

Чогулуштун төрагасы И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин директору

Азаматов А.А________________________

Чогулуштун катчысы____________________Жанарбек к.А.